## *ТАЗА, ДЕНИ –САК МАДАНИЙ ЖАШОО ҮЧҮН ГИГИЕНА: СТАНДАРТТАРГА ЖООП БЕРГЕН ДААРАТКАНА ПРОЕКТИ.*


***Мустафа Боз***
***Доцент, Phd., Университет 18- марта, Турция,Чанаккале***
***E-mail:m.b.istanbul@gmail.com***
***Сапаргуль Турдубекова,***
***Старший преподователь, КТУ "Манас", Кыргызстан, Бишкек***
***E-mail:sapargull@gmail.com***
***Дарыгүл Абдумаматова***
***Студент 3-курса "Менеджмент общественного питания", КТУ "Манас", Кыргызстан, Бишкек***
**E-mail:*Abdumamatova@list.ru***



***Өзөк***

*Даараткана өлкөнүн жана туризмдин өнүгүүсүнүн бир көрсөткүчү болуп саналат.*

*Театр- илгичтен башталса, ал эми туризм даараткanadан башталат.*

*Гигиена адам баласынын ден-соолугу үчүн жашоосунда эн негизги мааниге ээ. Гигиена экономикалык пайдаларды келтирет, урматтоого жана социалдык өнүүгүгө өз салымын кошот. Ошондой эле гигиена айлана чөйрөбүздү да сактоого негиз болот. Бүткүл Дүйнөлүк Улуттар Уйуму2008-жылды эл аралык гигиена жылы деп жарыялаган. Учурда2,6 миллиарддүйнө калкы коопсуз жана таза даараткаnalарсыз күн көрүүдө. Айымдар үчүн бул нерсе абдан чоң проблема, себеби 1,3 миллиардаялдар жана кыздар эң негизги гигиеналык шарттарга муктаждыгы бар.Бул көйгөйлөрдү чечүүнүн бирден бир жолу даараткаnalардын эл аралык стандарттарга жана гигиеналык шарттарга жооп бере турган абалга келүүсү.*

*Бул иштин маңызы - айрыкча өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө көйгөй болгон гигиена адам баласынын ден-соолугуна жана иштөө калоосуна таасири чоң. Макалададүйнөлүк стандарттарга жана гигиеналык шарттарга жоопберген даараткаnalардын куруу боюнча долбоор сунулат.Дүйнөдө бул көйгөйдүн үстүндө иштелген проекттерден жана жасалган иштерден мисалдар берилмекчи. Кыргызстанда көрсөтүлгөнстандарттарга жанагигиеналык шарттарга жоопберген даараткаnalардын курулуусу калктын ден-соолугуна жана социалдык жашоосуна зор пайдасын тийгизет. Ошондой эле өлкөнүнтуризминдеги көйгөйлөрдүн бирисинин чечилишинде эң чоң роль ойнойт. Себеби Азыркы учурда Кыргызстандын туризминин өнүгүүсүндөгү эң негизги 3 көйгөй бар: жол, даараткана жана оюн-зоок болуп эсептелинет*

***Abstract***

*While providing an overview of the key trends and challenges of tourism in Kyrgyzstan, this paper proposes innovative solutions to those challenges.*



***Ачкыч сөздөр:*** *Туалет,туризм, көйгөй, технология, гигиена,инфракструктура, коопсуздук жашоо, өнүгүү.*

***Key words**: Tourism, development of Kyrgyzstan, toilets standards, safety life, customers focused.*

Коомдук дааратканалардын абалы өлкөнүн социалдык- маданий жашоо-тиричилигинин, туризмдин өнүгүүсүнүн негизги көрсөткүчтөрүнөн бири болуп саналат.

**Киришүү**

Азыркы учурдагы өлкөбүздүн экономикасынын өнүктүрүү үчүн мамлекет тарабынан даярдалганөлкөнүн стратегиялык өнүктүрүү программасындатуризмдин өнүгүүсү эң негизги багыт катары да камтылган; дүйнөгө, жаңы туристтерге өлкөнүн жаратылыш кооздугун тааныттырып, ал үчүн туризмде иштеген адис- ишкерлер биргелешип ,жаңы бренд, пикир,слоган, ураан, нукура кыргыздардын унутулган же унутула баратканкалктын оюн-зок ,үрп-адаттарынын- кайрадан жандырып,ички жана четөлкөлүк туристтерге багытталган, сапаттуу кызматтарды көрсөтүүнүн жана туристтик кам-чом көрүү менен бирге бир нече иш-чаралар изилденүүдө.

Туризмдин өнүгүүсү үчүнөлкөнүн жергиликтүү жана чет өлкөлүк коноктордун эң негизги табигый талабын камсыз кылган жеткиликтүү, таза,эл аралык гигиена жана санитардык талаптарга жооп бере алган, ыңгайлуу, коопсуз ,коноктордун типтерине багытталган( мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар, эки жыныска тең каралган, баардык жаштагы адамдарга ыңгайлуу болгон ) даараткаланалардын азыркы учурдагы абалы жана туризмдин өнүгүүсүндөгү орду каралып чыгууда.

Улуттук статистика маалыматтары боюнча 2013 жылы өлкөнүн ички дүң продукциясынын 4,9% туризм тармагы түздү.Өлкөбүздө туристтердин эс алуунун сын-пикирлерин талдап чыкканда- .эң терс бааланган фактор -өлкөбүздүн инфраструктурасынын начарлыгы, анын ичинен 70%нааразылыктардын даараткканалардын абалына билдирүүдө. Мындай наразылычыктар өлкөнүн туристтик имиджине.терс таасирин тийгизет.

Археологдордун изилдөөсү боюнча Б.д.ч 2600-жылкы Месопотамиядагы Шубад ханышасына таандык даараткана болгон. Бирок ошол убакытта даараткана бир гана сыйлуу адамдарда,б.а. хандарда жана ханышаларда болгондугу бүгүнкү күндө далилденип турат. Ал эми Европага даарткананын маданияты Чыгыштан келген. Азыркы учурда дагы эле көпчүлүкөлкөлөрдө даараткана көйгөйлөрү жөнүндө бир уяттуу темадай түшүнүлөт.

Кыргыз Республикасында коомдук даараткалалар жергиликти башкаруу органдардын карамагында, башкача айтканда, бардык даараткана көйгөйлөрү-жетишсиздиги, мисалы каалабыздын борбор аянттарында, бульварларында 50 жыл мурда салынган 3 эле даараткана бар, коноктор-туристтер даарткананы колдонуш үчүн бир имаратта кирип, адамдын негизги талабын аткарууга имарраттын ээсине жагылданууга мажбур калат. Базарларда саны жетиштүү болсо да заманбап шарттарга жооп бербеген даараткалалар иштетүүдө,жаңы курулган эс алуу-соода борборлордо болсо ыңгайлуу даараткалалар бар болгону менен, баардык коноторго багытталган туалеттер чанда эле кезигет.

КР имараттарды куруу мыйзамдарындадааратканалардын санитардык нормативдери жана эрежелер совет доорунан калган. Нормативдер боюнча ар бир 1 квадраттык км арасында бир коомдук даараткана болушу керек, демек Бишкек шаарынын 127 даараткана болу керек.Бирок жапон туристтеринин айтымы боюнча каалабыздагы даараткалалардын жоктугу, бар болсо да аздыгы,эскилиги жана талаптарга жооп бербегендиги ортого чыкты. Мыйзам боюнча бул көйгөй жергиликтүү башкаруу органдарга тиешелүү, бирок каржылоо маселеси ортого чыгууда. Жайлардагы жана бардык эле коомдук жерлердеги даараткалалардын абалы абдан начар. Калкыбыз коомдук даараткалалардын талапка жооп бербегендигинен улам ажалга туш келди. 2011-жылкы мааламатарга карасак Ош областына караштуу Орто Азиядагы эң чоң базарлардын бири болгон Кара-Суу базарында даарткананын кулоосунан улам 4 адам каза таап, 12 адам оор жаракат алган. Депутат Т.Сарпашевдин сунушунда.коомго ачык даараткалаларды милдеттемени мунай саткан автостанцияларга тапшырылышы керектигини айтууда.

Гигиена шарттарына жана стандарттарына жооп бербеген дааратканалардан чыккан көйгөйлөр:

– Адам баласынын ден-соолугуна зыяндуу таасирлердин таралышы,

– Жаш балдардын өлүм санынын көбөйүшү,

– Өзгөчө аялдар,кары адамдар жана мүмкүнчүлүгү чектелген кишилер үчүн социалдык көйгөйлөрдүн ортого чыгышы,

– Экономиканын таасирдүүлүгүнүн жана адам баласынын өнүгүшүнүн төмөндөшү,

– Жашоо чөйрөнүн жана суу булактардын булгануусу,

– Адамдардын заңынын,зыянкечтердин жана инфекциялык коркунуч ташыган оорулардын коркуу алдында жашоосу.

Ал эми дүйнөлүк стандарттарга кайрылсак:

Малазия даараткана стандарттары (MS 2015:2006) 1- бөлүм: Коомдук дааратканалар үчүн минималдык дизайн критериясыны сунат.Бул стандарттар төмөндөгүлөр:

1. Аткаруулучу шарттар:

– Бул стандарт коомдук дааратканалардын функционалдык мүнөздөмөлөрдү камтыйт:адамдардын тазалоонусуна,бошонуусуна жана айымдардын чачтарын түзөлтүүсүнө мүмкүндүк берген ыңгайлуулуктарды сунуусу керек,

– Бардык жынстагы адамдарга,жаш балдарга, кары адамдарга жана мүмкунчүлүгү чектелген адамдарга ыңгайлуу болуусу зарыл,

– Коопсуз, жеке, гигиеналык жактан таза жана жетүү мүмкүнчүлүгү жеңил болуусу керек.Кол салууга каршы даяр жана үн өткөрбөөчү касиетке ээ болуусу шарт.

– Коомдук дааратканалардын дизайны

Коомдук дааратканалардын дизайны төмөндөгү шарттарга жооп берет:

– Коопсуз ,

– Жеке,

– Гигиеналык талапка жооп берген,

– Айымдарга жана мырзаларга, мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга жана бардык жаштагы адамдарга ыңгайлуу

– Ыңгайлуулук-жери, иштөө сааты жана саны белгилүү болуусу ,

– Кол салууга каршы даяр-жарыктандыруусу жана жерлешүүсү туура болуш керек

Эл аралык Туалет Башкаруучулук Уюму(The International Code Council and World Toilet Organization) жана Дүйнө Даараткана Уюму дүйнөнүн санитация боюнча эксперттерине жыйналыш өттү.Жыйналыштын жыйынтыгында дүйнөдөгү коомдук дааратканалардын курулушунун жана дизайн стандарттын белгилешти. (Global Guideline For Practical Public Toilet Design- ICC G3-2011). Бул иш чаралардын негизинде бир канча өлкөдө коомдук дааратканалардын бат көбөйүшү жана көптөгөн керексиз оорулардын жана өлүмдөрдүн санынын азайышын жыйынтыктап көрсөтөт.

Сингапур Дааратканачылар Уюму тарабынан The Happy Toilet аттуу проект иши жүргүзүлүүдө.Бул программа эл аралык агенство тарабынан колдоо көрсөтүлүүдө жана 2003-жылда айлана чөйрөнү коргоо министерствосу тарабынан иш жүзүнө ашырылышы башталган.

Дүйнөлүк дааратканалардын уюму 2008- жылы өнүгүп келе жаткан 10 өлкөдө 10дон ашык аймактарда коомдук дааратканалардын курулуусу боюнча проект түзүлгөн. Проекттин аты: “Коомдук дааратканалардын курулуусу Пилот проектти” деп аталган. Бул проекттин максаты жергиликтүү калктын ден-соолугун, ден-соолукту жашоо образынын жана гигиеналык билимин өнүктүрүү болуп эсептелинет. Бул проект үчүн WTA (Дүйнөлүк Дааратканалар Уюму) 450 000 $ акча бөлгөн.(5)

Британиялык дааратканалардын стандарты BS 6465. Бул стандарт ар түрдүү болгон имараттардын ,мисалы: офистердин, үйлөрдүн, мектептердин, эс алуучу жайлардын ж.б имараттардагы дааратканалардын абалын өзүнө камтыйт.

**Таблица 1**

**Соода борборлорундагы кардарлар үчүн кызматтар: Сунушталган (кашанын ичинде)**

| Сатуучу жайлар жана дүкөндөр | Буюм | Мырзалар үчүн | Айымдар үчүн | Мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар үчүн |
|---|---|---|---|---|
| 1000 $m^2$ 2000 $m^2$ | WC | 1 | 4 **(талап 2)*** | 2 **(талап 1)** |
| | Pisuar | 1 | -- | -- |
| | Кол жуугуч | 1 | 3 **(талап 2)** | 2 **(талап 1)** |
| 2001$m^2$ 4000 $m^2$ | WC | 1 | 7 **(талап 4)** | 3 **(талап 1)** |
| | Pisuar | 2 | -- | -- |
| | Кол жууугуч | 2 | 6 **(талап 44)** | 3 **(талап 11)** |

Жогоруда берилген мисалдарда Өнүккөн өлкөлөрдүнИДП 50 %туризм тармагынын кирешелери түзөт. Демек туристтер бул өлкөлөрдү тандоодо өлкөнүн имиджин эске алат.Ал эми өлкөнүн имиджи өлкөнүн инфраструктурасынын абалын көрсөтүп турат.Инфраструктуранынычинен 70% заманбап талаптарга жооп берген дааратканалар түзөт.Жыйынтыкта туристтердин көпчүлүк бөлгүгү эс алыш үчүн өлкөлөрдүтандоодо адам баласынын эң жөнөкөй муктаждыгын камсыз кылуучу дааратканаларына абдан чоң маани берет. Кыргызстан учурда туристик өкө наамына талапкерлиги н коюп жатат, бирок тилекке каршы өлкөдөгү коомдук дааратканалардын көпчүлүгү талапка жооп бербейт. Ал эми даараткана өлкөнүн жана туризмдин өнүгүүсүнүн бир көрсөткүчү болуп саналат.

**Сунуштар:**

1. Дааратканалар боюнча стандарттарды белгилөө жана аны иш жүзүнө ашыруу үчүн атайын мыйзамдарды кабыл алуу,
2. WTO го (Дүйнөлүк Дааратканалардын Уюму) мүчө болуу,
3. Аэропорттордо, автовокзалдарда,жолдордо,туристтик кооз жана борбор жерлерде дааратканалардын абалын оңдоо,
4. Өлкө боюнча бардык мунайзат станцияларына заманбап талапка жооп берген дааратканаларды ачтыруу,
5. Заманбап дааратканаларды Кыргызстандын имиджи түрүндө колдонуу,
6. Туристтик кам чор көрсөтүүдө дааратканаларды киргизүү.

Колдонулган булактар:


1. КР туруктуу өнүгүүсүнүн улуттук стратегиясы 2013-2017-жж.,
2. “Туризм”, КР Улуттук статитистикалык комитетинин жыйнагы, 2013-ж.,
3. СанПин-№ 983-72: “ Санитарные правила устройство и содержание общественных уборных”,1972-ж.,
4. Clara Greed, “ A Code of Practice for Public Toilets in Britain”,2003-ж.,
5. WTO,“ The Public Toilet Project in Sangsta Rong Village”, 2014.